**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

# Конференциянын темасы: “Эл уулдары унутулбайт!”
## (“Мурас” илимий тобунун жыйынтыктоо сабагы.)

**Сабактын максаттары**:

- “Мурас” илимий тобунун мүчөлөрүн СССРдеги саясий репрессиялардын жана эрксиздикке каршылык көрсөтүүнүн тарыхын терең өздөштүрүүгө кызыгуусун арттыруу;
- Илимий топтун мүчөлөрүнүн СССРдин 1930-1950-жж. тоталитардык тартиби жөнүндө билимдерин системалаштыруу;
- Репрессиянын курмандыктары маалыматтарды такташтыруу, саясий камактагылар түрмөнүн шартында да өздөрүнүн жогорку адеп-ахлактык сапаттарын сакташкандыктарын көрсөтүү;
- Илимий топтордо жана окуучуларда тарыхый документтер менен иштөө, тарыхый маалыматтарга талдоо жүргүзүү, кортундуларды чыгара билүү көндүмдөрүн калыптандыруу;
- Илимий топтун мүчөлөрүн жана окуучуларды тоталитардык тартиптин кайталанышына жол бербөөгө ынандыруу, жарандык коомдун институттарын калыптандырууга катышууга жана массалык маалымат каражаттары аркылуу мамлекетибизди түптөп, анын бекем, туруктуу, келечектүү болушу үчүн жанын курмандыкка чалган инсандарын дайма эскерип, аларга таазим этип турууга үндөө.

**Сабактын эпиграфы:** “Элдин улуулугу – өзүнүн улуу уулун өз даражасында көрсөтө алгандыгында. Ал эми начардыгы – өзүнүн улуу уулун да каралап, күнөөкөр кылып салгандыгында“. Олжас Сулейманов.

**Сабактын тиби:** Билимдерди комплекстүү системалаштыруу жана жалпылоо, тарыхый-процесстерди жана көрүнүштөрдү изилдөө аркылуу терең түшүнүү жана ой жүгүртүү сабагы

**Сабактын формасы**: Конференция-сабагы.

**Окутуу методдору жана технологиялары:** “Мурас” илимий тобунун мүчөлөрүнүн изилдөөчүлүк иштери аркылуу окуучулар жана коомчулук арасында тарыхый процесстерди, көрүнүштөрдү, окуяларды далилдеп жолугушууларды, 6-11-класстар арасында тарбия сааттарын өтүү, окуяларды баалоо технологиясы; диалог жүргүзүү; маалыматтык-коммуникациялык технологиялар.

**Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары:**

- Топтук:
- Фронталдык.

**Сабактын жабдылышы, маалымат булактары:**

Мультимедиялык каражаттар, видеотасмалар, фотосүрөттөр, портреттер, плакаттар,макал-лакаптар.

**Мугалимдин ишмердүүлүк ыкмалары:**

Курмандыктардын ысымдарын тактоо үчүн адабияттарды,архивдик документтерди интернет аркылуу изилдөө иштери менен иштөө жолдорун түшүндүрүү, образдуу баяндоо, илимий топтун мүчөлөрү иштеп чыккан материалдарды дагы тереңирээк билип, бир эле өздөрү билбестен 6-11-класстар арасында тарбия сааттарын өтүүгө багыт берүү.

**Алдын-ала берилүүчү тапшырмалар жана жүргүзүлүүчү иштер:**

Илимий топтун мүчөлөрүнө өз-өзүнчө, жуптарга тематикалык тапшырмаларды бөлүп берүү

- Илимий топтун өз тандоолору боюнча репрессиянын курмандыктары болгон инсандардын өмур жолун, ишмердуулугун изилдөө менен аларга коюлган күнөөлөрдүн жалгандыгын анализддөө жыйынтыгы боюнча рефераттарды жазуу;
- Алган тематикалары боюнча 6-11-класстарга сабактарды өтүү (тизме тиркелет).
- Интернеттен, архивдик документтерден, газета, журналдардан музейдик материалдарды (жарлыктар, өкүм чыгарган чечимдер, фотосүрөттөр) чогултуп, маалыматтык баяндамаларды даярдоо;
- СССР жарандарынын 1930-1950-жылдардагы жашоо турмушу жөнүндө Балыкчы шаарынын тургундарын сурамжылоо аркылуу маалымат даярдоо;
- Балыкчы шаарындагы көчөлөргө ысымдары коюлган Жусуп Абдрахманов жана Касым Тыныстановдун жакын туугандары менен жоолугушууларды өткөрүү.
- “ Ата – Бейит “ мемориалдык комплексине баруу

## Конференциянын жүрүшү:

**Мугалимдин киришүү сөзү:** XX кылымдын 30 – жылдарында Кыргызстандагы кан жыттанган кайгылуу репрессияны айтуудан мурда казак элинин залкар акыны Олжас Сулеймановдун мындай деген сөзүн, сабактын эпиграфы катары баштагым келет “Элдин улуулугу – өзүнүн улуу уулун өз даражасында көрсөтө алгандыгында. Ал эми элдин начардыгы – өзүнүн улуу уулун да каралап, күнкор кылып салгандыгында”.

Сулейманов (О.Сулеймановдун сүрөтү) айткандай кыргыз эли да өткөн мезгилде “улуу элдин“ жетеги менен жүрүп, көрүнүктүү инсандарыбызды өз даражасында көрсөтмөк тургай аларды күнөөлөп, күнкор кылып келген. Отузунчу жылдардагы муң – зарлар, азап – тозоктор, күйүттөн аккан ысык мончок көз жаштар элибиздин жүрөгүндө ушул убакка чейин сакталып

келүүдө. 1937 – 1938- жылдар кыргыз эли үчүн күйүп – бышып ат үстүндө куш уйку салып үргүлөп, күн кечирген улуу муундарыбыздын тагдырлары көптөгөн кишилердин сай – сөөгүн ушул күнгө чейин сыздатып келе жатат. Отузунчу – кыркынчы жылдардагы кандуу окуялар адамзаттын тарыхындагы эң эле оор кайгы – касиеттердин жылдары катары түбөлүк каргыш – наалат айтып кала берет.

Дал ошол каргашалуу жылдарда (Сталин, Берия, Ежовдун сүрөттөрү) сталиндик – ежовдук – бериялык террор миңдеген күнөөсүз адамдарды күнөөлүү кылып, азап чектирип өмүрлөрүн кыйган. Булар жүргүзгөн саясий репрессиялар – адам баласынын тарых жолунда болуп көрбөгөндөй эки жүздүүлүк менен жасалган эң кыянаттуу оор кылмыш.

Тарых дооруна көз чаптырып көрсөк. Кул ээлөөчүлүк коомдо күнөөлүүлөрдү эл чогулган жерде соттоп, жырткычтарга салып беришкен. Ошондо да коргонуп жатып өлсүн деп колдоруна найза, кылыч карматышкан. Дүйнөдө болуп өткөн согуштардын бири дагы (14 миңден ашык) маңызы боюнча отузунчу жылдардагы сталиндик террорго караандабайт. Ырас, согуш оор кылмыш. Баскынчылар аны башка элге таңуулайт. Бирок, бардыгы ачык баскынчылар жерге, дүйнөгө көздөрү кызарса, тынч жаткан эл Ата Мекенин, бала-чакасын, бир тууган очогун коргоо үчүн согушкан.

Ал эми: “Бардыгы адам үчүн, адамдын жыргалчылыгы үчүн!”, ”Адам адамга дос, жолдош жана бир тууган” ж.б. ушу сыяктуу ураандардын алдында коммунисттик идеология өкүм сүрүп турган доордо таза адамдарды ак жеринен күнөөлөп, зордук-зомбулук, тозоктуу кыйноо менен “күнөөлүүмүн” деп жалган күнөөнү мойнуна алдыруунун өзү тоталитардык режимдин чыныгы жүзүн көрсөтүп турбайбы.

Репрессия мезгилиндеги Москванын көрсөтмөлөрү, мыкаачылык иштери элибиздин келечекте гүлдөп өсүшү үчүн күрөшкөн миңдеген аталарыбызды эч кандай күнөөсү болбосо да “баскынчы“, “ эл душманы“, “чыккынчы“ деп кара көө сүрүп, сүргүнгө айдаган, аткан, кыйнап жүруп өлтүргөн. Аларда эч кандай күнөө болгон эмес, ак болушкан. Ошол учурдагы эң чоң трагедия күнөөсүз атылгандардын сөөктөрү эч билинбей кайда, кайсы жерде калгандыгы жарым кылымдан ашык алардын ага – туугандарын зор кайгыга батырып келген.

Эгемендүүлүктү алган жылдары Бишкектен анча алыс эмес Чоң – Таш айылына жакын чуңкурдан табылган 138 адамдын сөөгү кыргыз эли эле эмес, бүтүндөй дүйнөнү дүңгуретткөндөй болду. 1938 – жылы борборубуз Бишкек шаарына жакын жердеги Чоң – Таш айлында 138 көрүнүктүү инсандарыбыз бейкүнөө эле атылып, оо дүйнөгө армандуу болуп кетишкен. Алар 30 – 40 жаштагы элибиздин прогрессивдүү өкүлдөрү агартуучулар, илимпоздор, саясатчылар болгон. Алардын арасында жыйырма улуттун өкүлдөрү б.а. 45 кыргыз, 36 уйгур, 4 өзбек, 12 орус, 11 немец, 2 дунган, 5 татар, башкыр, түрк, чех, югослав ж.б. бар

эле. Булар кыргыз эли үчүн, кыргыз мамлекети үчүн кызмат кылган эр азаматтар болчу. Жаңыдан гана тарыхка, илимге, маданиятка бел байлап, аттанышкан агаларыбыздын качан, кандай атылып, кайсы жерге көмүлгөнүн көп жылдар бою билбей келгенбиз. 53 жыл өткөндөн кийин гана алар жөнүндөгү чындыкты билдик. Ал мезилде Чоң – Таш айлына жакын НКВДнын дачасынан алыс эмес жерде 1890 – жылы Воронцовкада жашаган Никольский деген адам кирпич заводун салдырган экен. Совет бийлигинин мезгилинде бул заводду чехтер иштетип кирпич чыгарып турушкан.

Кийинчерээк, бул завод иштебей калган. Кирпич чыгарган меш урап ал жерде чуңкур пайда болгон. Ошол учурда заводко жакын жайгашкан НКВДнын дачасына келип – кетип жүргөн кызматкерлери чуңкурду байкашат. Түрмөдөгү атылгандарды жашыруучу жай табылганына ыраазы болушкан НКВДнын адамдары атылган адамдардын издерин жашырып жок кылыш керек эле. 1938 – жылы өкүм чыгарыш үчүн Фрунзеге атайлап Москвадан үч сот келип түрмөдөгү 137 адамга өлүм жазасын берүү жөнүндө өкүм чыгарышкан. Бул өкүм СССРдин Борбордук аткаруу комитетинин 1934 – жылдын 1-декабрындагы токтомунун негизинде токтоосуз ишке ашырылууга тийиш болчу.

1938 –жылы 5 – 8 – ноябрда өкүм иш жүзүнө аткарылган. Ошол өкүм чыгарылган кагаз кийинчерээк сөөктөрдү казуу учурунда Төрөкул Айтматовдун жана дагы үч адамдын чөнтөгүнөн чыккан. 137 адамды биринин артынан бирин атып, шаардагы Токтогул жана Логвиненко көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан түрмөнүн короосунда сөөктөрдү жүк ташуучу машиналарга жүктөп, Чоң – Таштагы чуңкурга алып келип таштай берген. Бул окуяны ошол учурдагы НКВДнын дачасынынның кароолчусу Абыкан Кадыралиев билген жана бул сырды кийин кызы Бүбүрага айтып, кийин жакшы заман болгондо акыйкаттык орногон мезгилде бул жердеги сөөктөрдү койгон жерди айтып бер, менин мойнума карыз болуп калат деген экен. Бүбүра Кыдыралиева атасынын керээзин орундатып, чоң кызматкерлерге, шейит кеткендердин тууган – туушкандарына кат менен кайрылат, бирок, эч ким ишенбейт. Анткени, эски системаны колдогон жетекчилер репрессияны көтөрүп чыгуунун зарылдыгы жок деп ойлошкон. 1990 – жылы Бүбүра апа КГБнын кызматкери Болот Абдрахмаовго кезигип калып болгон ишти айтып берет, изидөө иши ага кирбесе да капитан Абдрахманов өз ыктыяры менен Чоң – Ташты изилдеп баштайт. (“Ата-Бейиттеги” казуу иштеринин сүрөттөрү)

1991 – жылы апрель айында казуу иштерине катышкан КГБнын кызматкери капитан Болот Абдрахмановдун эскерүүсүнөн: (Б.Абдрахмановдун сүрөтү) “... кирпич бышыруу үчүн курган 3,5 х 3,5 х 3,5 өлчөмүндөгү мештин камерасына обкомдун катчыларынын, эл комиссарларынын, жумушчулар менен жөнөкөй дыйкандардын сөөктөрү көмүлгөн...” ( Б.Абдрахманов. Төрөкул Айтмат уулу. Июндагы эки жума.- Б.,1993).

1991 – жылы күзүндө 1938 –жылы 5 – 8 – ноябрда атылып кеткендердин сөөктөрү кыргыздын Ала – Тоосунун этегиндеги Чоң – Таш айлынын жанына кайра көмүү аземи болгон ( Ата – Бейит көрстөнүнүн сүрөтү).

Кыйноодон шейит кеткендердин арасында кимдер бар эле? Алардын арасында (слайд) ошол кезде Кыргыз мамлекетин алгачкылардан болуп курган жетекчилер: Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбков, Баялы Исакеев, Төрокул Айтматов, Иманаалы Айдарбеков, Эркин Эсенаманов, Касым Тыныстанов жана башкалар бар эле.

Булардын бардыгы тең 28 – 37 жаштын ортосундагы эл үчүн акылын, билимин, күчүн, арнап койгон жигиттер эмес беле. Ак жеринен караланышып, бардыгы тең 1938 – жылы атылып кеткен. 1929 – жылы 27-декабрда Сталин “Кулактарды тап катары жоюу“ ураанын жарыялаган. Ушундан кийин өлкөдө дыйкандардын бир бөлүгүнө карата массалык репрессия башталган. Кулакка тартууну жергиликтүү парткомдун секретарынан, айылдык советтин мүчөсүнөн милиция кызматкерининен турган “үчтүктөр” эле өз билгениндей чечип койгон. Кулакка тартылгандардын айрымдары сот жообуна тартылган. Бир бөлүгү алыскы, дагы бир бөлүгү жакынкы аймактарга кубаланган. Алар там-ташынан. байлыгынан, шайлоо укуктарынан ажыраган. Алыска көчурүлгөн кулактардын уй-бүлөлөрү көп азаптарды башынан өткөргөн, кыргынга учураган. 1931-жылы август-сентябрь айларында эле 6 миң үй-бүлө Украина менен Түндүк Кавказга көчүрүлгөн. 1933-ж. Республикада 2113 кулак чарбасы репрессияланган.

Ошондой репрессияга Ысык-Көлдүн тескейиндеги Тоң жергесиндеги Баатыркан болуштун үй-бүлосү кабылган. (Баатыркан болушту сүрөтү) Баатыркан болуш түбү карапайым эле адамдардан болгон экен. Ал кишинин эл оозуна алынып кадыр – баркка жетишинин себеби ал эл үчүн камкордук көрүп, адамдарга жасаган иштери, баатырдыгы, акылмандыгын көрүшүп уруу башчылары болгон Шабдан баатыр баш болгондор падышачылык заманда болуштукка шайлашкан. Көлдүн тескейи дыйканчылыкка ыңгайлуу болбогондуктан ал жактагылар жалаң эле мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Баатыркан болуш суу чыкпаган жерлерге арык каздыртып элин дыйканчылыкка үйрөткөн. Азыркы күндө Шор-Булак, Бар-Булак, Кара-Коо, Ак-Терек айылдарынын тургундары Баатыркан арыктагы суу менен дыйканчылык жүргүзүп келет. Трагедиялуу “үркүндө” тескейде көтөрулүштүн башында турган. Көтөрүлүш жеңилип, эл падышанын жазасынан коркуп, Кытайга качкан, өз эли болгон, алагөз-каба урууларын Кытайга алып барып, талатпай, тонотпой аман-эсен алып келген. Татарстандын Казань шаарынан Фатхулин деген билимдүү адамды алдыртып келип, балдарга тамга тааныткан. Советтик доордон Баатыркан ата бейкуттукту, көп жакшылыкты күткөн. Бирок андай болбой кулакка тартуу мезгилине кабылып, мал. жеринен ажырап өзү

суракка алынып, үй-бүлөсү ал киши каза болгондон кийин Украинага айдалган. Улуу Ата Мекендик согушта Баатыркан атанын кичүү уулу Канат, неберелери Отор, Алымкул мекенин коргоп баатырларча курман болгон. Укринага Баатыркан атанын уй-бүлөсүнөн 17 адам айдалган, өз атажуртуна кичүү байбичеси Зуура немереси Керим гана кайткан. Баатыркан атага тоталитардык заманда туура баа берилбей келген, өз учурунда карапайым букарадан, акылынын, оюнун зиректигинен көп жыл болуш болуп, элинин тагдырын чечип, карапайым букараларынын кызыкчылыгын сактап, ошолордун келечеги үчүн күрөшкөн.

Бул кишинин элине жасаган эмгеги унутулбай, бүгүнкү күндө эстелиги коюлуп, "Журт атасы" аталып келүүдө. Мындай тагдырлар жүздөп, миңдеп саналат. Биздин максат тоталитардык мезгилде бейкүнөө кеткен элибиздин эр жүрөк атуулдарын эсибизден чыгарбай, аларга таазим кылып, Ата-Журту үчүн жасаган ак эмгектерин даңазалап, муундан-муунга өткөрөлү.

Отузунчу жылдарда 1,4 млн. калкы бар Кыргызстандан эле 40 миң адам репрессияга кабылган (бүгүнкү күнгө карата алардын 13 миңден ашыгы акталды).

Мектептеги "Мурас" илимий тобунун мүчөлөрү катары өзүңөр тандап алган инсандарды изилдеп чыгып, рефераттарды жаздыңар. Изилдөө ишиңерди дагы тереңирээк билуу максатында, Ашырбек уулу Сүйүндүк, Жалыев Нурсултан шаардык деңгээлде өткөн илимий – практикалык конференцияга катышып, ал жерде окумуштуулар менен жоолугуп өз иштерин жакташты, 5 – 11 –класстар арасына тарбия сааттарын өттүңөр. Жазыксыз курман болгондордун сөөктөрү жаткан "Ата – Бейит " мемориалдык комплексине дагы барып келдиңер, бүгүнкү жыйынтыктоочу конференцияда өз ойуңар менен бөлүшөт деген ойдомун.

Ойлорубуз бир жактуу болуш үчүн эки топко бөлүнүп, иш жүргүздүңөр. Мен эки топтун башчыларын тааныштырып коеюн.

1 – топ- маданият ишмерлери, илимий ишмерлер боюнча изилдөө иштерин жүргүздү жетекчиси – Ашырбек уулу Сүйүндүк.

2 – топ – саясий жетекчилер, жергиликтүү репрессияланган адамдар жөнүндө изилдөө иштерин жүргүзүштү, жетекчиси Курманбекова Адинай.

**Сүйүндүк:** 1937-жыл кыргыз интелегенциясы кыйраган жыл, бүтүндөй кыргыз элинин келечегине балта чабылган мезгил. Кыргыз элинин келечеги үчүн жан үрөгөн кыраандар "эл душманы" деген жалаа менен "улутчул" деп айыпталып, канчалаган мыкты инсандар атылып кеткен. Эл – жерди алга сүрөй турган интелегенттер Сталиндик репрессиянын айынан бул ааламдын асманынан жылт этип өчкөн жылдыздай, канкор бийликтин кан жыттанган мылтыгынан окко учкан. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында өз элинин маданиятын көтөрүп, сабатсыз элинин сабатсыздыгын жоюу максатында жан үрөп иштеген чыгаан инсандарыбыз:

Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Белек Солтоноев, Сыдык Карачев ж.б. жалган жалаа менен репрессиянын курмандыктары болушту. Маданияттын өнүгүү тарыхына кайрыла турган болсок: XIII кылымды “немец элинин кылымы“ деп аташат, X1X – кылымды “Орус элинин кылымы“ дешет. Ошол учурда дүйнөгө чыгармалары белгилүү А.С.Пушкин, Лермантов, Л.Н.Толстой ж.б. чыккан. XX кылымды мен “Кыргыз элинин кылымы“ деп айтаар элем, анткени азыркы учурда дүйнөдө эпостордун ичинен теңдешсиз “Манас“ эпосу батыш окумуштуулары тарабынан изилделип, башка тилдерге которулду, элибиздин сабаттуулугун жоюу максатында (ал мезгилде Кыргызстанда 3% сабаттуу болгон) И.Арабаевдин “Сабатсыз чоңдор үчүн алыпбээ”, ”Алиппе“, К.Тыныстановдун кыргыз тили боюнча түзгөн китептери элибиздин сабаттуулугун көтөрүүдө эң жогорку пайызга б.а. ошол учурда 67% га жеткен. Азыркы учурда айрым Африка, Латын Америка өлкөлөрдө да жогорудагы пайызга жетпей турган мезгили.

Мен өзүм Касым Тыныстановдун өмүр жолун, чыгармачылыгын бир топ убакыттан бери изилдеп келүүдөмүн (К.Тыныстановдун сүрөтү). Биздин Балыкчы шаарыбыздын чоң көчөлөрүнүн бирине ал кишинин ысымы ыйгарылды, бул менин кызыгуумду ого бетер арттырды. Бул адамдын жакын адамдары менен жолугушуп, көбүрөөк К.Тыныстанов жөнүндө билгим келип жүргөндө шаарыбызда шаардык масштабда илимий-практикалык конференция болуп биздин “Мурас“ илимий топтун жетекчиси Ө.Карачева эжейибизге ошол конференцияда К.Тыныстанов жөнүндө айтып берүүсүн өтүнүшкөн экен. Эжей мени даярданып, конференцияда чыгып сүйлөөрүмдү айканда абдан кубанып, изилдөө иштерим менен конференцияда чыгып сүйлөдүм. Мага К.Тыныстановдун фондусун түзгөн ага-туугандары менен жолугушуу эң жакшы таасир калтырды (Конференциядагы сүрөттөр).

Мектепте мага бөлүнгөн 9-б-классына да класстык саат катары “К.Тыныстанов – XX-кылымдагы кыргыздын эң чыгаан окумуштуусу” деген темада өттүм. Окуучулар арасында кызуу талкуу болду. Биздин топтун окуучулары да өздөрү тандап алган инсандары жөнүндө изилдөө иштерин жүргүзүшүп, рефераттарды жазышты жана 5-11 класстарга сабактарды өтүштү (видео роликтен сабактардын фрагменттери). Азыр биздин топтун мүчөлөрү өздөрү жүргүзгөн иштери боюнча айтып беришет.

**Айжаркын:** Кыргыз элинин агартуучусу, илимпозу алгачкы “Алиппенин“ автору, улут алфавитинин уңгусун түзүп, жазма маданиятыбызды калыптандыргандардын бири Ишенаалы Арабаев жөнүндө Айгерим экөөбүз изилдөө иштерин жүргүздүк (И. Арабаевдин сүрөтү)

XX кылымдын башындагы биринчи кыргыз мугалими улут мектептерин негиздегендердин бири катары тарыхта калган. К. Карасаев

менен биргелешип жазган “Жаңылык“ алиппеси Москвадагы “Революция музейине” коюлган. ЮНЕСКОнун кызыл китептеринин тизмесине кирген биринчи кыргыз китебинин бири болуп саналат. Оозеки адабиятты чогултуп “Манас” эпосун кагазга түшүрүүгө көп эмгек кылган. Кыргыздын 1916-жылдагы улуттук – боштондук көтөрүлүшү болгон. “Үркүн” жөнүндө көп жазган. И.Арабаевдин кыргыз эли үчүн жасаган ат көтөргүс эмгеги эч качан унутулбайт деп ойлойм.

**Айгерим:** И.Арабаев жөнүндөгү изилдөө ишибиздин дагы бир өзгөчөлүгү изилдөө ишинде көптөгөн маалыматтар менен иштегенди үйрөндүк, ал инсан жөнүндө билбеген нерселерди билдик жана 10-класстарга “Алгачкы агартуучу – илимпоз” аттуу тарбия сааттарын кызыгуу менен сабактарда пайдаланып жүргөн интерактивдүү ыкмаларды колдондук.

Кыргыз тарыхындагы улуу инсан – И.Арабаев эч качан унутулбай, элибиздин жүрөгүндө сакталып калат (сабак өтүү учурундагы фрагмент көргөзүлөт).

**Айдана:** (С.Карачевдин сүрөтү) 1937 – жылдагы апаатта Сыдык Карачевдин “улутчул”, “эл душманы” деген чуулгандуу жарлык менен курмандыкка чалынган. Улуттук жазма адабияттын, журналистика жана котормо өнөрүнүн жерпайын түптөшүүдө кадресе орду бар туңгуч калемгер Сыдык Карач уулу чейрек кылымдан ашык убакыттан бери жамы журтчулугубуз гана эмес, адабият күйөрмандарынын арасында да дарексиз, кабарсыз болуп келди. Арадан отуз жыл убакыт өтүп, С. Карачев жалган жалаадан, саясий айыптан толук арылгандан кийин гана ал жөнүндөгү алгачкы маалыматтар басыла баштаган. Эмне болгондо да кыргыз профессионал адабиятынын жанырларынын арасында эмгектенип, поэзия, проза, драманын, улуттук журналистика жана котормо өнөрүнүн фундаментин түптөшүп, жаралышына өз салымын кошкон Сыдык Карачев кыргыз адабиятынын, журналистика жана котормо өнөрүнүн тарыхында өз ордун ээлейт деп ойлойм. Мен С.Карачев жөнүндө изилдөө иштерин жүргүзүү менен ал кишинин атуулдук, чыгармачылык өнөрүнө баа берүү менен анын чыгармаларын кызыгып окуй баштадым жана 9–в-классына “Кыргыздын тунгуч жазуучусу – Сыдык Карачев“ деген темада кызыктуу сабак өттүм (сабактын фрагменти көргөзүлөт)

**Элвира:** Мен кыргыз элинин туңгуч тарыхчысы Белек Солтоноев жөнүндө изилдөө ишин жүргүздүм (Б. Солтоноевдин сүрөтү). Б. Солтоноев кыргыз элинин басып өткөн узак жолун эң биринчи жолу жазган. Бул эмгек көптөгөн мезгил бою катар-катар темир сандыкта жатып, аны алып окуп, үйрөнүп, таалим алмак тургай, Б.Солтоноевдин атын атап, жөнүн жөндөөгө тыюу салынган. Себеби, окумуштууга 1937-жылы “эл душманы” деген жалаа жабылып, ак жеринен каралаланган. 1938-жылы атылып кеткен. Аны каралоого ушул эмгеги “айгак” болгон экен. “Ак ийилет, бирок, сынбайт”

демекчи ал 1955-жылы акталып, элинин даанышман инсаны экени далилденип олтурат. Кыргыз элинин ырыскысы бар экен, канча жылдап катылып, тыюу салынып келген “Кыргыз тарыхы” жарыкка чыгып, бул күндөрдө баалуу эмгек катары келетат. Мен Б.Солтоноевдин тарыхын окуп, изилдөө иштерин жүргүзүүдө тарыхка болгон кызыгуум артты. 8-а классына “Белек Солтоноев – тунгуч тарыхчы” деген темада сабак өттүм. Окуучуларга ал инсандын эмгектери жөнүндө айтып, слайд аркылуу бир топ материалдарды көргөздү. Муну менен алардын тарыхка болгон кызыгуусун пайда кыла алдым жана Белек Солтоноевдин жасаган эмгегин эч качан унутпоосуна багыт бере алдым деп ойлойм (өтүлгөн сабактан үзүндү).

**Бегимай:** Мен чыгыш тилдеринин изилдөөчүсү, кыргыз таануучу, адабиятчы – Евгений Димитревич Поливанов жөнүндө изилдөө иштерин жүргүздүм (Поливановдун сүрөтү). Е.Д. Поливанов дүйнөлүк адабиятта чыгыш тилдерин изилдөөчү катары таанымал. Кыргыз АССРинин агартуу комиссары Касым Тыныстановдун чакыруусу боюнча кыргыз жергесине келип, маданияттын өнүгүшүнө зор салымын кошкон. Ал кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына кызыгып, өзгөчө “Манас” эпосун орус тилине которуу менен, эпостун көлөмү боюнча дүйнөдө теңдешсиз бир да эпос жок экендигин белгилеген. Кыргыз элинин төл башы болгон К.Тыныстанов, К. Карасаев, И. Арабаевдер менен тыгыз байланышта болуп, борбордогу тоскоолдуктарга каршы турган. Поливановго “Япониянын тыңчысы” деген жалган жалаа коюлган. Анткени, ал чыгыш тилдерин терең изилдөө максатында Япон жергесине бир нече жолу барып, алардын тилинин түзүлүшүн изилдеген. Бул инсандын талыкпас эмгекчилдиги, кандай гана тоскоолдуктар болсо да алдына койгон максаттарынан кайра кайтпаган көк жалдыгы, өзүнүн ишине берилгендиги мага чоң таасир калтырды. Поливановдун кыргыз элинин тилине, адабиятына кошкон салымы унутулбайт.

**2 – топтун жетекчиси – Курманбекова Адинай** өзүнүн тобунун мүчөлөрү менен тааныштырды жана алардын жүргүзгөн иштерин слайд аркылуу айтып берди (слайд көргөзүлөт).

**Адинай:** “Баялы Исакеев – маданияттын тарыхына жарык из калтырган инсан“ аттуу изилдөө ишине токтолду (Б. Исакеевдин сүрөтү). Б.Исакеев мамлекеттүүлүгүбүздүн тарыхына жарык из калтырган инсандардын бири экендигин, ал республиканын Совнаркому болуп турганда өлкөнүн экономикасы менен бирге эле маданияттын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Мисалы: “Манас” эпосун жайылтууда, республиканын маданий турмушун жандантууда, театр, филормония, опера, элдик оркестр түзүүдө, элдик таланттардын кароо-сынактарын өткөрүүдө, билимдүү, маданий кызматкерлердин пайда болушуна, кыскасы кыргыз улуттук маданиятынын

көтөрүлүшүнө Б.Исакеевдин жүрүзгөн иштери баа жеткис. Б.Исакеев сынчыл-талапчыл акылы менен айрымаланган. Ал дайма Борбордун алдына ошол кезде союздук партиялык жетекчилердин терс реакциясын пайда кылган маселелерди коюп келген. Акырында бул анын тагдырына терс таасирин тийгизип, “улутчул, эки жүздүү” катары жазаланган.

**Айнагүл:** Мен XX кылымдын 30 – жылдарында массалык репрессиянын курмандыгына кабылып, күнөөсүз атылып кеткен кыргыздын чыгаан инсаны – Токчоро Жолдошев (Т. Жолдошевдин сүрөтү) жөнүндө изилдөө ишин жүргүзүп, ал кишинин кыргыз мамлекети үчүн атуулдук парзына таазим эттим! Кичинесинен жетим калып, тууганδарында тарбияланып, жергиликтүү орус – тузем мектебин бүткөн, Токмокто малайлыкта жүрүп, кызыл аскерлер менен таанышып, большевиктер партиясына (жашын экиге чоңойтуп алып) өткөн. Большевиктердин катарында болушу жаш жүрөктө өчпөс из калтырган.

Токчоро Жолдошев большевиктик агитацияда эң башкысын – социалдык эзүүнү жана адилетсиздикти жок кылууга, мүңкүрөгөндүн бардыгына эркин жашоо жана эмгектенүү, турмуш куруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жөндөмдүү жаңы, анык элдик бийлик келгендигин ички сезими менен туйган. Ошондуктан, компартия кандай жумуш берсе аны чын дилинен аткарган. 1920–жылдан баштап билимге умтулуп Верныйда (Алматы) Жети-Суу агартуу институтунан окуп билимин кеңейткен. Отузунчу жылдардын ичиндеги коллективдештирүүнүн активдүү демилгечиси болгон. 1933–жылы Кыргыз АССРинин агартуу комиссары болуп турганда жаңы мектептер, 3 жогорку окуу жайы, 22 техникум ж.б. агартуу, маданий мекемелер иштеген. Токчоро Жолдошевдин талыкпай эмгектнүүсү жогорудагы ийгиликтерди алып келди деп ойлойм. Жан дили менен Совет өкмөтүнө кызмат кылып, аягы анын “душманы” болуп калганына өмүрүнүн акырына чейин ишенген жок. Анын тагдыры да күнөөсүз атылган инсандардын катарын толуктады. Токчоро Жолдошевдин эмгеги унутулууга тийиш эмес. Бул адам тууралуу 8-б-класска сабак өттүм. Сабак абдан кызыктуу болду.

**Нурсултан**: “Мурас” илимий тобунун мүчөсү катары мен Жусуп Абдрахмановдун басып өткөн жолун изилдедим. Анын үстүнө биздин Балыкчы шаарындагы эң чоң көчөгө шаардык Кеңеш тарабынан Ж.Абдрахмановдун ысымын берилгени мени абдан толкундантты. Шаардык деңгээлде өткөрүлгөн илимий – практикалык конференцияда өзүмдүн илимий ишим менен чыгып сүйлөдүм. Мага өзгөчө таасир калтырганы ал кишинин кызы Ленина менен жоолукканым (Конференциядагы сүрөттөр). Жусуп Абдырахманов чыныгы кыргыз элинин патриоту деп эсептейм. Анын жогорку даражадагы билимдүүлүгү, тайманбастыгы, иш билгилиги ошол учурдагы аттарын уккан эл тайсалдаган жол башчылар:

В.И. Ленин менен жолукканы (жолуккан эң алгачкы кыргыз), жыйналышка кечигип келген Сталинге эскертүү бергени, республиканын өкмөтүнүн башында турган кезинде өзгөчө тайманбас, борбордун көзүн карабаган саясат жүргүзгөндүгү, Сталинге эки жолу кат жазып, Кыргыз АССРин союздук республикага айландыруу маселесин койгондугу мага катту таасир берди. Кийин Жусуп так ушул үчүн “улуттчул“ деп күнөөлөнгөн. Москвада иштеп турганда “Күмүш кылымдын” көп акын-жазуучулары В.Маяковский, М.Булгаков, Б.Кушнер, А.Ахматовалар менен жакшы санаалаш болгон (акын-жазуучулардын сүрөттөрү). Борбордун жүргүзгөн саясатынын кемчиликтерин таамай айткан. 1937-жылы камакка алынып, ага антисоветтик, террористтик, диверсиялык-чыккынчы, Социал-Туран партиясынын түзүүчүсү деген жалаа менен атылып кеткен. Анын кыргыз эли үчүн жасаган өлбөс-өчпөс эрдигине таазим этишибиз керек. Мен ал кишинин көп сапаттарын алдым. Ж.Абдрахманов жөнүндө 6-класска сабак өттүм. Сабакты кызыктуу өтүш үчүн түрдүү ыкмаларды колдондум. Окуучулар өздөрүнүн активдүүлүгүн көргөздү. Окуучулардын берген суроолоруна жооп бердим.

**Болот:** Аида экөөбүз Кыргыз мамлекетинин тунгуч жетекчиси – Иманалы Айдарбеков жөнүндө изилдөө иштерин жүргүздүк (И. Айдарбековдун сүрөтү). Кыргызстандын тарыхын изилдеген окумуштуулар И.Айдарбековду мамлекеттин тунгуч президенти катары баалашканы бекеринен эмес. Ал 1924 – 1927 – жылдары Кара – Кыргыз автономиялык облусунун Аткаруу комитетинин төрагасы жана Революциялык комитеттин төрагалыгына бекитилген. Азыркы президенттин жана өкмөт башчысынын милдетин бир эле мезгилде И.Айдарбеков аткарган. Тилекке каршы тунгуч президент тууралуу маалыматтар сейрек экен. Мамлекеттик архивде анын өмүр баяны гана сакталган. Башкалар сыяктуу күндөлүк же эскерүүлөр жазбаган көрүнөт же анын кол жазмалары жалган жалаалар менен камакка алынганда, тергөө учурунда тартылып алынып, ыңсыз- жыңсыз жоголушу да мүмкүн.

Натыйжада, Кыргыз мамлекетин түптөөгө жумшаган анын бүт өмүрлүк эмгеги элибизге белгисиз калып олтурат. Ошондой болсо да тарыхыбызда Иманаалы Айдарбеков Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө, кыргыз кыргыз элинин өз алдынча өнүккөн жана гүлдөгөн калк болушуна бүт акылын, күчүн жумшаган жана жүрөгүн арнаган. Бирок, Мекен үчүн мындай аракети аны 1937-жылдагы репрессияга туш кылдырган. Кыргыз элине эгемендүүлүктү түптөп берген кыргыздын кыраан уулун 1938 – жылы шаардык абактын алдында атышып, өмүрүн кыйышкан. Анын сөөгү Чоң – Таштагы 138 күнөөсүз атылган адамдардын арасында чуңкурга көмүлгөн. Тарыхта калган инсандардын аты эч качан өчпөйт, алардын өз элине, Ата Журтуна кылган ак эмгегин биз жаштар улантышыбыз керек. Биз, И.Айдарбековдун басып өткөн жолун изилдөөнү улантабыз, анын эмгеги

унутулууга тийиш эмес. “2014 – жыл Кыргыз мамлекттүүлүгүнүн жылы“ деп жарыялангандыгы Кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө өмүрүн арнаган атуулдарыбыздын басып өткөн жолу терең изилденип алар жөнүндө ар кандай иш чаралар өткөрүлүүдө. И.Айдарбеков жөнүндө “Биринчи“ аталган китеп чыкты жана атайын документалдык тасма даярдалууда. Мындан тышкары анын 130 жылдыгына карата чоң илимий практикалык конференция ж.б. иш чаралар өткөрүлүүдө.

**Бермет:** Кыргыз Өкмөтүнүн алгачкы жетекчиси – Абдыкадыр Орозбековдун өмүр жолун изилдөөдө мага өзгөчө ал кишинин кыргыздын келечегин көрө билгендиги унутулгус таасир калтырды (А. Орозбековдун сүрөтү). Жыйырманчы кылымдын башындагы элибиздин эркиндиги, мамлекетүүлүгү үчүн жан аябай кызмат кылып, бирок, көздөгөн ойлорунун өтөөсүнө чыкпай, каардуу репрессиянын курмандыктары болуп кеткен кыргыз элинин белгилүү уулдарынын көч башында Абдыкадыр Орозбеков болгон. Бул адамдын өмүр жолун өзүм эле билип калбай 7-в классына сабак катары өттүм. “Каардуу репрессиянын курмандыгы – Абдыкадыр Орозбеков” деген темада реферат жаздым. Эл уулдарынын баа жеткис эмгеги унутулбашы керек.

**2 – топтогу окуучулар**: Кутманова Айчолпон, Мусаева Бермет “Жайнак Саадаев“, Казыбекова Алина “Кыргыз элинин саясий ишмери – Төрөкул Айтматов”, Келдибекова Наима, Өмүрбек кызы Илим “Кыргыз мамлекетин түптөгөн инсан – Абдыкерим Сыдыков”, Аманидинова Гүлшах “Журт атасы – Баатыркан“ аттуу темаларда, өз ойлорун айтып, рефераттарын жакташты.

**Конференциянын чакырылган меймандары: Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, “Даңк“ медалынын ээси – Зуура Исаева, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Түлөбаева Кенже эжелер репрессия учурунда күнөөсүз жок кылынган жакын адамдары жөнүндө окуучуларга айтып беришти.**

**Исаева Зуура эже**: Ошол каргашалуу отузунчу жылдары көл өрөөнүнөн миңге жакын адам репрессияланган экен, анын ичинде Боз-Тери айлынан жети үй-бүлөдөн 18 адам Украинанын Херсон облусуна айдалган. “Ата-Бейитте” сөөктөрү коюлган Мукаш Далбай уулу, Керим Кененбай уулу, Касымкан Жээнбай уулу, Токтосун Досой уулу, Исабеков Керим аталар. Бул адамдар учурунда журт арасында кадыр баркы бар, түбү оокатуу адамдар болгон. Анын ичинде Боз-Тери айлындага биринчи мектепти бүтүргөн билимдүү адам Исабеков Керим районду жетектеп турган. Коммунисттик партиянын облустук, республикалык деңгээлдеги катчылары болгон Керим Кененбай уулу, Токтосун Досой уулдары Совет бийлигинин

жүргүзгөн саясатын жан дили менен аткарып, элдин сабаттуу, маданияттуу болушу үчүн талыкпай иштеп келишкен.

Жээнбай уулу Асанкан БКнын 2-катчысы болуп иштеген. Москвадагы Чыгыш университетинде окуган. Украинада иштеген. 1936-ж. СССРдин Конститутциясынын долбоорун жазууга катышкан. 1937-ж. күнөөсүз айыпталып, атууга кеткен.

**Кенже эже:** Бул жерде “Мурас“ илимий тобунун мүчөсү – Гүлшах кызым өзүнүн бабасы Баатыркан ата жөнүндө айтып кетти, менин бала кезимдеги ал киши жөнүндө туугандарыбыздын эскерүүлөрүнөн бир аз айтып берейин. Баатыркан ата биздин тескей жергесинде эле эмес, бүтүндөй кыргыз журтуна таанымал инсан. Ал адам жөнүндө атактуу жазуучубуз Эрнис Турсунов “Ата Журт” тарыхый роман жазган. Журт башчылары делген Шабдан баатыр, көл өрөөнүнөн чыккан Садыр аке, Кыдыр акелер менен падышанын колониялык саясатын сындап, элдин тагдырын чечүүдө бир катар акыйкаттуу иштерди жүргүзгөн. 1916-жылдагы көтөрүлүштө тескей элинин чачыранды болуп кетүүсүн токтотуп, Шабдан балдары Мөкүш, Самүдүндөр менен куралдуу көтөрүлүштү уюштурган. Совет бийлигин жакшы ой менен тосуп алып элин биримдикке чакырган. Тилекке каршы ал кишинин үй-бүлөсү да репрессияга дуушар болуп, Украинага айдалып, көп азап-тозокторду көргөн. Тескей эли Баатыркан атанын көп эл үчүн жасаган эмгегин унутпай 1994-жылы Баатыркан атанын 150 жылдыгын өткөрүп, азыркы Кара-Коо айылынын чоң көчөсүнө анын атын берип, Бар-Булак, Кара-Коо айылдарынын ортосуна эстелигин коюшту.

**Мугалим:** Конференцияны жыйнтыктаар алдында “Мурас” илимий тобунун мүчөлөрү берилген тапшырмаларды ийгиликтүү аткарды деп эсептейм. Изилдөө иштерин көп маалыматтардан издегениңерди жазган рефераттарыңарды текшерүү учурунда көрдүм. “Ата – Бейит“ мемориалдык – комплексине барып келгендин эртеси күнү ар бириңерге суроо узаттым эле “Ата – Бейитке баргандан кийинки силерде кандай таасир калды?” деп.

Бул суроого бардыгыңар унутулгус таасир калгандыгын, “Ата – Бейиттеги” шейит кеткен адамдар атылаарын билсе дагы улут үчүн алардын келечеги үчүн өзүнүн идеяларынан баш тартпаганын, кол-бутун байлап кордоп жатса да элинин, жеринин кызыкчылыгын сатпагандыгына музейден көргөн материалдар, 138 адамдын сөөгүн таштаган чуңкурду көргөндөгү сезимдериңер жөнүндө айттыңар. Бул алаамат бүтүндөй кыргыз элинин келечегин талкалаган, элдин эртеңкисине балта чапканын, каргыш баскан репрессия бүтүндөй кыргыз жылдыздарын, калк каймактарын жок кылгандыгын түшүндүңөр.

Силердин таасирленгениңерден улам конференциянын темасын “Эл уулдары унутулбайт!” деп атадык. Силер жана силердин урпактарыңар

бул келечек, эркиндик үчүн, биздин жыргал жашообуздун негизи болгон улуу адамдар унутулбашы керек. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөдө зор эмгек сиңирген кыраандар келечекке идеал бойдон биримдиктин, мамлекетти бекемдөөнүн урааны бойдон калууга тийиш. Алар өз доорунда баркталбай калды, бирок, аларды кыргыз эли эч качан унутпашы керек. Алрдын эрдиктерин унутуу бул маңкурттук, сокурлук.

Ал адамдар “мен кыргызмын” деген ар бир жарандын жүрөгүндө жашаш керек. Аларды унутуу тарыхый чоң жоготуу. Конференциябыздын аягында “улуу адамдарды” бир минут эскерели (эскерүү учурунда экрандан “Ата- Бейиттеги” 137 шейит кеткен адамдардын аттары “Көкөй кести” күүнүн коштоосунда көргөзүлдү).

Эскерүү бүткөндөн кийин Сүйүндүк куран окуду.